# Жаздын эс-тутумун кайтаруу



Автор: Мерват аль-Бельтаги

Сүрөтчү: Рашид Метвакед

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Жаздын эс-тутумун кайтаруу

Автор: Мерват аль-Бельтаги
Сүрөтчү: Рашид Метвакед
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жаздын эс-тутумун кайтаруу" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *What spring forgot* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Mervat al'-Bel'tagi жана сүрөтчүсү Rashid Metvaked. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2019-жылы CC-BY-NC-SA-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/155cb0c3-c13c-4ec7-88b9-e36adade7c26?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Бүгүн керемет күн. Жаздын биринчи күнү! Бул жарашыктуу шляпаны досторум менен жолугушууга кийип барсам, эң сонун болот, – деп Жылкычы чымчык чоюлду да, ырдай баштады.

Бирок Жылкычы чымчык уясынан учуп кетүүгө даярдана баштаганда, күтүлбөгөн жерден...

...катуу шамал анын жүндөрүн үрпөйтүп, шляпасын учуруп жиберди!

– Жазга эмне болгон? Бүгүн мынчалык шамал болбошу керек эле! – Жылкычы чымчык таң калды.





Жылкычы оңдонуп, шляпасын тапты дагы, досторун издеп жөнөдү. Бирок көп өтпөй күн ушунчалык жаркырап тийгендиктен, ал көз айнек тагууга аргасыз болду!

– Эми күн өтө ысып кетти! – деди Жылкычы чымчык. – Мен аба-ырайы эмне болуп жатканын билишим керек.

Жылкычы чымчык баарын билген бирөөнү билет.

– Саламатсызбы, Каракчы! Бүгүн аба-ырайы  эмне болуп жатканын билесизби? Кызыктай нерселер болуп жатат! – деди ал.

– Жаз эс-тутумун жоготуп алды, ошондуктан маалдын башталышы менен кыйынчылыктар болуп жатат, – деп жооп берди Каракчы.





– Эми эмне болуп жатканын караңызчы! Булуттар тартылып, асманды жаап калды, – деп кыйкырды Жылкычы чымчык. – Суук боло баштады. Жазга аба-ырайын бир калыпка салууга жардам берүү керек. Ал кайда экенин билесизби?

Каракчы Жылкычы чымчыкты Жазга алып барды. Жаз болсо эмне кылуу керек экенин эстей албай, таш үстүндө отурган экен.

– Мына, Жаз, – деди Каракчы. – Ага кантип жардам берүү тууралуу ойлор барбы?





Жылкычы чымчык Жаздын жанына барып, аны кубаттоого аракет кылды:

– Салам! Сен жакшы элесиңби? Биз сага жардам берели, – дедик эле.

– Менин ким экенимди эстөөгө жардам бере аласыңарбы? – деп сурады Жаз.

– Албетте! – деди Жылкычы чымчык. – Сен төрт мезгилдин бирисиң. Жаз – күн чыгып, жерди жылыткан учур.

– Ооба, эми эстедим! Ал абада эки жолу айланганда, күтүлбөгөн жерден аба-ырайы өзгөрдү. Жаз кубанычтан так секирди.

Булуттар тарап, кайрадан асманда күн пайда болду. Күн тездик менен ысый баштады. Жылкычы чымчык салкындоо үчүн желпигич менен желпинди.

– Бул дагы туура эмес. Азыр жай сыяктуу! Жазында салкын жел болушу керек.

Жаз бир аз ойлоно калды: – Ааа… ооба, эми эстедим.





Жаз секирип, абада эки жолу айланганда, күтүлбөгөн жерден аба-ырайы кайра өзгөрдү.

Катуу шамал жүрүп, Жылкычы чымчык менен Каракчыны учуруп кете жаздады. Жалбырактар кызгылт-сары түскө боелуп, абада айланып учту.

– Эмне болуп жатат? – деп кыйкырды Каракчынын жеңине жабышкан Жылкычы чымчык.

– Бул жаз эмес, күз болуп калбадыбы! Жазында жеңил булуттар көк асманды коосдоп турат, – деп кыйкырды ал.





– Ааа... Ооба, эми эстедим, – деди Жаз бир аз ойлонуп.

Ал секирип, абада эки жолу айланганда, аба-ырайы кайра өзгөрдү.

Булуттар пайда болуп, асманды курчап алды. Анан жамгыр башталды! Жылкычы жана Каракчы суу болгусу келген жок.

– Сен дагы эле аягына чейин түшүнгөн жоксуң, – деп капа болду Жылкычы чымчык.

– Жазында аба ырайы жылуу, бирок ысык эмес. Жамгыр көп жаабайт. Асманда күн жаркырап, жумшак, ак булуттар калкып турат. Чөп жашыл болуп, гүлдөр гүлдөйт.

– Кечиресиң, баарын эстей албай кыйналбадымбы! Бирок азыр эмне кылууну түшүндүм окшойт, – деди Жаз.





– Чынбы, – деп сурады Каракчынын артына жашынган Жылкычы чымчык.

– Ооба! Ооба! Мен эмне кылуу керек экенин так билем! – Жаз кубангандан бийлеп жиберди. Жаз секирип, абада эки жолу айланды, анан...

...күндүн назик нурлары караңгы асманды аралап өтүп, жамгыр токтоду. Кара булуттар кичинекей үлпүлдөк булуттарга айланды. Баары таза абадан терең дем алышты.





– Азамат! Сен баарын эстедиң! – деп кыйкырып жиберди Жылкычы.

– Сенин жардамың болбосо, мен ким экенимди эстей албайт болчумун, кымбаттуу досум, – деди Жаз. – Эмки жылы, көрүшкөнчө!

Капысынан Жылкычы чымчык башына бир нече тамчы суу түшкөнүн сезди.

– Оо, жок! Кайрадан жамгыр башталды. Жаз, кайтып кел!

– Жок, жок! Бул менин саманым кургап жатат. Душ үчүн кечирип койчу!

Эки дос жыргап, жаздын сонун күнүндө чогуу ойноону улантты.





Аягы

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Мерват аль-Бельтаги
Сүрөтчү: Рашид Метвакед
Которгон: Айгуль Джунушалиева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |